| | | |
|---|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**<br>**ЫСЫК-КӨЛ ОБЛУСУ**<br>**АК-СУУ РАЙОНУ**<br><br>**ХАН-ТЕНИРИ АЙЫЛ**<br>**АЙМАГЫНЫН**<br>**ЖЕРГИЛИКТҮҮ КЕНЕШИ** | | **КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**<br>**ИССЫК-КУЛЬСКАЯ ОБЛАСТЬ**<br>**АК-СУЙСКИЙ РАЙОН**<br><br>**МЕСТНЫЙ КЕНЕШ**<br>**АЙЫЛНОГО АЙМАКА**<br>**ХАН-ТЕНИРИ** |

Кыргыз Республикасы, Ысык-Көл областы Ак-Суу району Хан-Теңири айыл аймагынын жергиликтүү кенешинин 28 чакырылышынын кезексиз 4 - сессиясы

# ТОКТОМ

**2024-жылдын 1-июль** **№ 21** **Ново-Вознесеновка айылы**

## Ак-Булуң айылынын аймагында турак жай курууга жердин өлчөмүн бекитип берүү жөнүндө

Ак-Булуң айылынын жашоочуларынын 2024-жылдын 13-июнундагы жыйналышынын чечимин карап жана талкуулап, Ак-Булуң айылынын калкынын турак жай куруу үчүн арыз бергендердин саны көп болуп, бөлүнө турган жер тилкелери аз болуп жаткандыгына байланыштуу 0,05 гадан бөлүп берүү жөнүндөгү чечимин эске алып, Хан-Теңири жергиликтүү кенеши **токтом кылат:**

1. Ак-Булуң айылында турак жай куруу үчүн бериле туруучу жер тилкесинин өлчөмү 0,05 га болуп бекитилсин.
2. Ак-Булуң айылынын бөлүнө турган аймагына 0,05 га өлчөмүндө турак жай куруу үчүн жер тилкесин бөлүп башкы план жасатуу айыл өкмөтүнүн башчысы С.Баракановго милдеттендирилсин.
3. Ушул токтом ММКларга жарыялоо үчүн жиберилсин.
4. Токтом ММКга басылып чыккан күнү юстиция органына Мамлекеттик реестрге киргизүү үчүн жиберилсин.
5. Токтомду көзөмөлгө алып аткаруу айыл өкмөтүнүн башчысы С.Баракановго жана көзөмөлдөө жергиликтүү кенештин агрардык маселелер боюнча туруктуу комиссиясына жүктөлсүн.

**Төрага** **И.Алымжан уулу**